# ДИНИЙ АҢ-СЕЗИМ ЖАНА ПАРАДИГМА-МЕТОДОЛОГИЯ ПРОБЛЕМАСЫ*

**Prof. Dr. Niyazi USTA**
Atatürk Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / Türkiye

**ABSTRACT**

**OUR ATTITUDES TOWARD RELIGION AND PROBLEM OF PARADIGM-METHODOLOGY**

This study considers the religious attitude in the present Turkish Society Especially two attitude (traditional and modernist) are tried to be researched connected with their reasons. In order to find out the meeting place between traditional and modernist attitudes, it must be understood by the two sides that why the common people and intellectual people have those attitudes. So it is seen that the best way to reach this goal is to inform the common people about secularism and religion. Yet, the suggestion for building this way are not mentioned here.

**Key Words:** Attitude, religion, function, mentality, cultural atmosphere causality.

Бул тажрыйба Ислам дүйнөсүндөгү динге байланышкан жүрүм-турумдарды кеңири түрдө көз илмегинен өткөрүү менен аныкталды.

Динге байланыштуу болгон жүрүм-турумдар, түрдүүлүгү жагынан адамды үркүтүүчү түзүлүштө болуп, коомдун масштабдуу бөлүгүн түзөт. Маселенин кызыктуу жагы бир динди тутунган адамдардын өздөрүндө бирден көп жүрүм-турум категорияларын калыптандыруулары болуп саналат. Колубуздан келишинче түрдүү жүрүм-турумдарды негиз алуу менен жүрүм-турумдардын пайда болуу себептерине жана ушул себептердин пайда болушуна түрткү болгон парадигма-методологиянын тегерегинде түшүндүрүүгө аракеттенебиз.

Бир нерсенин натыйжасында кандайдыр бир жүрүм-турумдун пайда болушуна таасир эткен элементтерди; билүү элементи, сезүү элементи, алдыңкы жашоосу, тажрыйбалар жана коомдук чөйрө деп ирээттөөгө болот.

Бул элементтердин алгачкы үчөөсү кишилик түзүлүшкө жана жөндөмдүүлүккө түздөн-түз байланыштуу болуп, коомдук чөйрөнүн түзүлүшүүө карай маани-маңызга ээ болушат. Бир бирден ар бир буюмга болгон жүрүм-турумдарыбыздын туруктуу болушу, ойлонуу түрлөрүнүн окшоштугун жана жүрүм-турумунда өнөкөттү пайда кылат.

Жүрүм-турум күч жана туруктуулугу жагынан түрдүү даражаларга ээ. Кээ бир жүрүм-турумдун өзгөртүлүшү оңой, ал эми кээ бир жүрүм-турумду өзгөртүү кыйындыкка турат, кээ бирлеринде бул эч өзгөрбөс касиетке ээ. Кээ бир жүрүм-турум кишинин аң-сезиминде борбордук жерди ээлеп, башка жүрүм-турумга тигил же бул түрдө таасир этиши мүмкүн. Жүрүм-турумдун бил бөлүгү болгон билүү өлчөмү, сезүү өлчөмүнөн таасирлениши мүмкүн. Мисалы «акылыма келген нерсе башыма түштү» түрүндө көп колдонулган сөз бар. Бул телепатиялык бир окуядан мурда кандайдыр бир кыймыл –аракетти жасоодо акылдын бизди эскертүүсүнө карабастан

* которгон: Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин окутуучусу Сатыбалдиев Айтмырза

эмоционалдык кыймылды жасашыбыздын же болбосо акылдын эскертмелерин орундатуу да шалаакылык кылуунун белгиси болуп саналат.

Дин, билим, ыйман, статья, искусство жана башкалар жөнүндө жүрүм-турумдарыбыздын тактыгы жана маани-маңызы жагынан, биздин кандай ой-жүгүртүүгө жана дүйнөлүк көз карашка ээ экендигибизди көрсөтөт. Бул көз караштарды «парадигма», «методология» деп белгиледик. Мисалы, жеке адамдын о дүйнө ишенимин кабыл алуу түрү, теологиялык түшүнүгү, дүйнөлүк турмуш жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүнө таасир этет. Рационалисттикте эң алгач адамдын ишениминин калыптанышында сезүү деңгээлине жараша динден таасирленип, системалаштырылат. Дин жөнүндөгү аң-сезимибиздин диний социалдашуу жана маданияттташуу процессине байланышкан жагы, бүгүнкү дүйнөлүк жашоо образына өтүү концептизмин Ислам дини менен байланыштырууда кандай жол тутуу жана стратегиялык өнүгүү проблемасы пайда болууда. **Коомду, акшактагы күрүч тизмектери түзгөндөй биримдикти түшүнгөн адамдар, өзү күтпөгөн натыйжаларга жетишүүсү же жете албастык, өздөрүнө ишенимдүү боло албай калышат.** Эң алгач коом социалдык аң-сезими ээ болушат. Тыгыз байланышта болгон кандайдыр бир тармакты башкаларынан ажыратууга мүмкүн эмес.

Учурда Исламий илимдери- бир гана фыкых (ислам укугу) тармагы калыптануу доорунда, башкача айтканда кандайдыр бир проблеманы чечүү үчүн өтө тез калыптанышы коомдун социалдык аң-сезимине байланыштуу болгон десек жаңылышпайбыз. Ушул доордо өнүгүүлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн жана проблемаларды чечүүдө жогору даражада болгондугун айтууга болот. Дүйнөлүк цивилизацияда мусулман элдери өнүккөн мезгилдерде, дүйнөлүк жашоо образы бүгүнкү күндө биз самагандай формада болбошу ошол мезгилдеги кырдаалдын учурбузга таасир эткендигинде жатат. Ошол эле учурда азыркы күндөгү жаңыча ой жүгүртүү аң-сезимине жете албашыбыздын негизги себеби да, учурдагы проблемаларды классикалык укук менен чече албагандыгыбызда жатат. Учурда методология катары тарыхый булактарга талкуу жүргүзүү же анализдөө ушул муктаждыктардан улам пайда болушу мүмкүн.

Учурдагы проблемалар мааниси жагынан ошол мезгилдеги аалымдар чече турган проблемалар болгондо, укуктук негизде, фарзыкифая (жалпы коомго парз болгон ибадат бир адам тарабынан аткарылса, бул парзды аткаруудан коом кутулут, мисалы жаназа намазы жалпы коомго парз, бирок бир канча адамдын бул ибадатты аткаруусу менен коомдон жоопкерчилик түшөт) түрүндөгү түшүндүрмөлөрү так, негиздүү өкүмдүн чыгарылышына себепчи болмок эле. Мисалы: «Ушундай абалда кимдир бирөө желүүчү тамактардан адалын тапса, анын түрүнөн курсагы тойгончо жеп-ичүүгө аракеттенсе, жылуулукка жана суукка чыдамдуу кийим-кечектерди адал жол менен табып, турмуш-тиричилигин өткөрсө, өзүнө ылайык аял менен турмуш куруп, аны менен жашоого ыраазы болсо; абийирин жана мал-мүлкүн сактаган бир үйдө отурса, чынчыл болуп, өз өнөрү менен же ынсаптуулугу менен соодагерлик кылган адам, албетте дүйнөдөгү жашоонун ырахатын татып жана Кудайдын ыраазычылыгына ээ болот.»[1]

Өмүштөн күнүбүзгө чейин билим берүү процессинин кеңири калк массасы тарабынан компоненттелишбөөсү, жашоо процессинин өнүкпөй калуусу, коомдо бул процесстин дагы деле улантылышы, барган сайын проблемалардын көбөйүүсүнө себеп болот.

[1] İbrahim Hakkı Erzurumlu, **Marifetname**, İstanbul 1984, 200-201-б.

Оозеки маданияты аркылуу проблеманы чечүү жагдайлары, коомдук жашоонун узун тарыхый этабына көз жүгүрткөнүбүздө, бир тараптуу традициялык билим берүү процессинде проблеманы чечүү менен гана алектенишкен. Бул бир тараптуу билим берүүү же болбосо бир маселени чечүү, ал процессте илимий, методологиялык, маанилүү жана чечүүчү ролду калыптандыруунун ордуна догматизмди калыптандырышкан.

Маданий аң-сезимдеги символикаларга айланган ой жүгүртүү деңгээли коомубуздун көпчүлүгү тараптар болгон бир жактуу аң-сезимдин калыптанышы, андан ары проблеманы чечүү үчүн бир идеологияга тараптар болуусуна себеп болгон. Проблеманы чечүүдө идеология «өзгөрүү процессине, өзгөрбөс фактылардын көрсөтүлүшү»[2] менен калыптанган. Аң-сезимди калыптандыруунун натыйжасында элдик таалим-тарбия менен үйрөнүлүүсү, идеологиялашуу кыймылын жактагандарды түзөт. Буга каршы жаңы аң-сезимди калыптандыргандар да маданий ишенимди илимий тармактан ажыратпай туруп, өнүгүү процесси улантылбаган жашоо образын калыптандырган идеология менен суугарылгандыгын айта алабыз.

Анда диндин, маданий символикалардан таасирленишин ажырата билүү керек. Маданиятуу менен билимдүүнү ажырата билүүнү элге кеңири жайбастан туруп, коомдун аң-сезимин критикалоо ынсапсыздык болуп эсептелет. Белгилүү бир мүмкүнчүлүк чөйрөсү субъективдүүлүктү пайда кылат. Шарттар өзгөргөн сайын субъектер да өзгөрөт. Экономикалык жагдайы жана билим берүү деңгээли жагынан оор шарттардагы адамдын аң-сезими, акыл-эси жогору интеллектуалдуу адамдардан өзгөчөлөнүп турат.

Жашоо шарттарынын өзгөрүшү менен талапка ылайык ой жүгүртүүнү калыптандырган адамдар, бардык проблемаларды чечүү үчүн жаңы формулаларды ойлоп табуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. Бул көрүнүш чөйрөгө чагылдырылууда.

Саит Халым Пашанын «Өзүнө жетиштүү билим алган бала менен сабатсыз, орто билими жок атаны салыштырганда, баланын чоңдорго болгон урмат-сыйы, атанын ар-намысы жоюлду» түрүндөгү иликтөөлөрүн эски менен жаңы аң-сезимдин ортосундагы байланыштарды түшүндүрүүдө колдонсок болот.

Классикалык (эски) доорду жактоочулар, ошол мезгилдеги Ислам динин жашап, ошол күндөгү проблемаларды чече алгандай эле учурдагы проблемаларды да чече алат эле дегендер да бар. Бирок динде көрсөтүлгөн жашоо образдары жөнүндө канааттандырарлык жооптор берилүүдө. Дин көрсөткөн жолдо жашабаган адам доктринаны жалганга чыгарууга жол бербеген девизди жана ишенүүнү камтыган түшүнүккө ээ болот. Алгач «Ислам дини калыптандырган жашоо образынан, мезгил өтүп эмне үчүн андан узакташты» деген суроого жооп бёрүү керек. Эгер бул суроого жооп табылганда, анда ушул жооп менен адамзаттын жашоо образын өзгөртүүгө болот эле. Бул маселедеги өзгөрүү динден мурда адамга, анын билим алуусуна, билимдин сапаттуулугуна жана коомдук өзгөрүүгө байланыштуу болмок.

«Калыптанган жашоо образын чыныгы түрдө ишке ашбоосу» деген көз карашка жооп бергендер «нормативдүү Ислам» түшүнүгү менен[3] классикалык идеологияны жактаган адамдар эмес. Ошондуктан коомдо классикалык Исламий баалуулуктар чыныгы эмес экен, «нормативдүү Исламга эми эле жетүүдөбүз» деген аң-сезим калыптанып жатат. Коомдун Исламий илимдер тармагында жазылган адабияттардын

[2] Erol Güngör, **İslam'ın Bugünkü Meseleleri,** İstanbul 1983, 52-, Hasan Şahin, **Paradigmaların Savaşı Kaostaki Türkiye**, 1997, 128-б.

[3] Ali Bardakoğlu, "İlahiyatçıların Din Söylemi", **İslamiyat**, cilt: 4, sayı: 4, Ekim-Aralık 2001, 66-б..

жетишсиздигине карбастан, диний ишенимди жаюуунун ордуна, реалдуу жана рационалдык, пайдалуу натыйжаларга муктаж болгон адамдарды байкоого болбойт. Өзгөчө маданияттардын бири-биринен таасирденүүлөрүнө кабылып, анын таасири менен калыптанган рационалисттик түшүнүккө ээ болгон адамдардын маңыздуу иш аракеттери, мусулман коомдору тарабынан рационалисттик талапка жооп бербеген аң-сезим катары эсептешүүдө. Дегеле диндин философиялык багыттагы мектепке айлануу коркунучу туулууда.

Исламга таандык аң-сезим, белгилүү көмүскөдө калтырылышына караганда, личностордун жетишкен ийгиликтеринде бир тыянакка баруу логикалык жактан мажбур кылынууда. Андай болсо өз жөндөмдүүлүгүнө ишенимдүү болбогон адамдар эч күнөөсүз жерден, ырайымсыздык менен басмырланышы негизги принципке айланат. Бул окшоштук билим берүү жана экономикалык жактан материалдык негизде калыптанат. Анткени материалдык мүмкүнчүлүктөр бир нерсеге ой пикир жүргүзүүдө чоң таасирин тийгизет. Ой жүгүртүү менен бир көз карашка, жүрүм-турумга жетүү аң-сезимдеги пикирлер менен түшүнүктөрдүн ортосунда байланыш куруу менен орундалат. Балалыктан баштап адамдын руханий сезиминде орун алган аң-сезимдин сапаттуулугу да маанилүү болуп саналат. Анткени ой жүгүртүү аң-сезимдеги түшүнүктөрдүн өлчөмү жана категориялык айырмачылыктарынын иштөө санын жогорулатуу деңгээли пайда болот. Жогоруда айтылган Исламий илимдер аалымдардын өз мезгилиндеги өнүгүү процессинин токтоп калуусу жана мезгилдин түрдүү этаптарында Курандан жана сүннөттөн алынган баалуулуктардын айланасында ой жүгүртпөстөн туруп, элге жаюу менен гана калгандыгын эске алуубуз керек. Бул мевлевийлик агымындагы зикир чалуу символу сыяктуу көрүнүш. Ошол эле учурда аалым китепти динден түшүнгөнүн жеке адамдык өзгөчөлүккө жана өз мезгилинин шарттарына ылайыкташтырып, элге үйрөтүүлөрү абалында болуусу керек.

Адаттагыдай салтка айланган көз караштарды үйрөнүү, түшүнүү (балким белгилүү мезгил жана түзүлүш үчүн туура эсептелген) аң-сезимдин өзгөртүлүшү, мамлекеттик билим берүү багытындагы калыптанга аң-сезимди өзгөртүү оңой боло тургандыгын педагогдор көп жолу практика жүзүндө байкашкан.

Байкоого жана өзгөрүүгө туруктуу болбогон билим алуунун, мезгил өтүп туура эмес нерселерге ишенүү сыяктуу түшүнүккө туш болушу талашсыз. Анткени бул сыяктуу билим берүүдө, себеп менен натыйжанын ортосундагы байланышты түзгөн «ооруунун» чыныгы оору дегенибиздин себеби, байкалган оорунун айырмачылыгын билүү керек. Башкача айтканда натыйжанын себеби же оорусу, аралык, мезгил, мейкиндик же башка өзгөчөлүгү жагынан жакын болгон, жөнөкөй көз караш менен байкалгандардан бири катары таанылат. Анда чыныгы оору, натыйжадан ыраак болуп, жөнөкөй көз караш үчүн таң калтыруучу мүнөздө болушу мүмкүн. Бул абалды темабызга байланыштуу болгон мисалды төмөндөгү аңгеме менен түшүндүрсөк болот. «Түркиянын Урфа аймагындагы уруулардан эки уруунун лидерлери, ортомчулардын жардамы менен өч алуусуна чек коюу максатында бири-бирине кыз берип, уул үйлөөгө макулдук беришет жана бул иш жүзөгө ашат. «А» уруусу уулдарына элдешпес душманы болгон «Б» уруусунан кыз алат.

«А» уруусу өлтүргөн, кыздарын берген «Б» уруусу болсо өлтүрүлгөн, өлтүрүү күчүнө ээ болгон жак. «А» уруусу «Б» уруусуна «кунун» төлөгөн.

Арадан он беш жылдан көп убакыт өтөт. Бул мезгил ичинде ар эки тарапта тең өлгөн жана өлтүрүлгөн адам болгон жок. Келин төрөп, уулу он беш жашка толот.

«Суу токтойт, душман уктабайт» макаласында болгондой эки жак тең бири-бирин дайыма сынап жана чоочулашып келет.

Күндөрдүн биринде кыз тарап «А» уруусун сый-тамак берүү үчүн үйүнө чакырат. Туугандыктын, достуктун бузулбашы үчүн «А» уруусу келинин, небересин алып көпчүлүк болуп «Б» уруусунун үйүнө барышат, аларды чоң кубаныч менен тосуп алышат. Сый-тамак даярдалып жаткан мезгилде «А» уруусуна келин болгон үйдүн кызы, үй-бүлөсүндө бирөөсүнүн мамилесинен жаман иштин боло тургандыгын байкайт, ал жашыруун түрдө кандай даярдыктар болуп жатканын иликтейт. Бул ишти иликтөөдө атасы жана анын туугандары бүгүнкү убакыттан пайдаланып үйдөгү конокторун, кыздары келин болгон урууну, бардыгын жок кылууну көздөгөндүктөрүн үйрөнөт. Кыз бул абалды күйөөсүнө билдирет: «Кандай кылсаңыз кылыңыз, уулуму жаныңызга алып үйдөн чыгып кетүүнүн жолун издениңиз» дейт. Бул кабар жашыруун түрдө коноктордун баарына уктурулат. Коноктор даарат алуу, даарат бузуу, аттарга кароо жана ушуга окшогон шылтоолор менен сыртка чыгып, белгилүү бир жерде кездешүүнү пландашат. Алар үйдөн чыгып кетишет. Конокторлун бардыгы үйдөн чыгып кеткенин билип калган үй ээлери тезинен колго курал алып, кечитте качкандардын жолунан тосуп чыгышат. Алгач сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт, соңунда ок атышуулар башталат. Бул учурда кыз да колуна курал алып атысын, агаларын жана өз туугандарын издейт жана атасынын тобуна барып кошулат. Куралдуу атышуулар мезгилинде позициянын мезгил мезгили менен өзгөрүп турушу жана кимиси тынбай кыймылда болушунун натыйжасында, аялдын он беш жаштагы уулу, таякесин оңой эле ата турган мүмкүнчүлүк туулат жана таякесине мылтыкты мээлейт. Таякеси жээнин көрбөйт. Апасы ар экөөсүн көрө ала турган жерде турган. Агасына караганда уулуна жакын болчу. Апасы уулуна «Андай кылба» деп кыйкырды. Бала апасынын айткандарын укканда, эне сөзүн бузууга батына албады да мылтыкты ылдый түшүрө баштайт, ошол мезгилде атасы узак жерде болсо да бул окуяны даана көрө ала турган жерде болгон жана атасынын айткан сөздөрү даана угулат болчу. Бала атасынын «Эмне кылып жатасың» деген сөзүн угат. Апасы «уулум, атаңдын сөзүнө кирсең, колуң канга боелот, андай кылба» деген эскертүүдө болот. Бала атасынын кийинки сөзүнө көңүл буруп таякесин атууга даярдана баштайт, мылтыкты таякесине каратып мээлеген мезгилде апасы «уулум андай кылба» деген сөзүн дагы кайрадан кайталайт. Апанын сөзүнө кулак бурбаган бала таякесин ата турган убакта, апасы өз уулуна ок атат. Бала жерге кулап түшүп дүйнөдөн көз жумат. Күн караңгылап, күн кечкиргенде гана ок атышуулар токтойт.

«А» уруусу өлгөндөрүн алып өз журтуна, «Б» уруусу да «өз уулун өлтөргөн кыздарын» алып үйлөрүнө кайтышат. Ошентип «Б» уруусу «А» уруусунун бардыгын болбосо да бирөөсүн өлтүрүп, «Канга кан» доосун көп жылдардан кийин болсо да жасаган.

Окуя кеңири элге тарап, аял, «баланын душманы» деп табылып ички иштер органынын адамдары тарабынан колго түшүрүлөт. Доо Урфа пракуратурасында каралып жаткан мезгилде судья: «Сен кандай энесиң, адам өз баласын өлтүрөбү?» деп сурайт.

Ата тектүү аял:

«Эч айлам калбай калганда өлтүрөм да урматтуу судья» дейт. Судья таң калып: «Бул эмне дегениң?» деп сурайт. Ата уруусунан болгон эне: «Мен сага күтпөгөн нерсени сага айтып берейин, сен жакшылап түшүн» деп сөзүн улантат.

Судья мырза

«Кожа илдедир (Күйөө ар тарапта)

Огул Билдедир (Бала атанын туягы)

Я кардеш нердедир (А анда туугандык каерде)» деп айтат.

Талкуу: Аял атанын уруусунан болуп, ошол уруунун мүчөсү болуп саналат. Үй-бүлөнүн очогун өчүрбөй жандырган жалгыз адам, өлгөн баланын таякеси, аялдын агасы жана үйдө карыган атасынын ордун баса турган башка эркек болбогон. Эркек бир тууганынын өлүмү атасынын очогунда оттун өчүшүнө алып келет эле. Аялдын болсо жеке адамдык проблемасы маанисиз орунда калат. Аялдын: «Күйөө бардык жерде» деп айтышынын себеби, «мен кайсы эркекке турмушка чыксам, ал мага күйөө болот» деген пикрде болот. Бул окуяда күйөө адам бейтааныш адамдардан бири катары каралат. «Уул атанын туягы» деп айткан аял: Турмушка чыккан адам менен бирге жатканда, ага бала төрөп бериши мүмкүн» деп айтуу менен биологиялык жактан атанын ордун баса белгилөөгө аракеттенген. «А анда тууган каерде?» суроосуна «мен бир тууган адам төрөбөймүн» деп айтып, аялзаты үй-бүлөдөгү ордун, ролун жана маанилүүлүгүн белгилеген. Анын ата-энесинин каарыгандыгына байланыштуу балалуу боло албайт болчу.[4] Аймактагы салттан кабарсыз болгон судья, эненин кылмышы жөнүндөгү ойлору, бул адатты иликтөөнүн өтө татаал экендигин түшүнүп жетет.

## Диндин башка тармактар менен болгон байланышында Парадигмадан бир мисал; Дин жана экономика

Аң-сезим жөнүндө айткандарыбызды дин менен экономиканын ортосундагы байланыштарда көрсөтүлгөн мамилелердин чегинде конкреттештирүүгө болот. Муну бир экономисттин жүргүзгөн түшүндүрүү иштеринде колдонулган «Робинсон мисалы»[5] менен чечүүгө болот.

Бирок алгач төмөндөгүдөй түшүндүрүү ишин жүргүзүү менин оюмча керектүү деп ойлоймун.

Дин, экономика болбогон учурда аны негиздебеген же пайда кылган эмес. Болгон фактынын системалуу иштөөсүнө башка нормаларды жүктөгөн. Мындан сырткары кандайдыр бир функцияны калыптандырылышы диндин оор абалга түшүшүнө жана материалдык жактан кирешесиз абалга келишине себеп болот эле.

Эми Робинсондун мисалынан алып маселени түшүндүрүүгө аракетттенебиз.

Эч ким жашабаган аралда калган Робинсон, жашоо үчүн эмгектенүүгө аргасыз болот. Эмгектенүүнүн убактысы болсо, жашоо шарттарына карай өзгөрөт. Күндүз мөмө-жемиш чогултуп, түнкүсүн бир дарактын боорунда же үңкүрдө, чөптүн үстүндө уктап, ушул сыяктуу жашоону жактырган болсо, анда ал балким күнүгө 1-2 саат иштесе болот. Бирок адам мөмө-жемиш менен бирге нан, эт жана башка азык менен оокаттанууну каалаайт жана жатып эс алуу үчүн үңкүрдө эмес, мындан да жакшы шартта, шарттары жакшы жер издесе, ал күнүмдүк эмгектенүүнү жогорулатууга мажбур. Эт табуу үчүн ууга чыгуу, нан табуу үчүн жер иштетүү маданиятын жогорулатып жана жаңы ачылыштарды жаратуусу керек. Ошондо гана Робинсон эки жашоодон бирин өзүнө тандоого мажбур болот. Ал аз эмгектенүүнү талап кылган, жөнөкөй жана төмөнкү жашоого ыраасталган жашоо образын тандап алат же өтө көп эмгектенүүнү талап кылган, машакаттуу болгон жогорку деңгээлдеги жашоону тандап алат.

---

[4] A. R. Balaban, **Gelenekler, Töre ve Törenler,** İzmir 1983, 87-88-бб.

[5] S. Arel, **İstihdam, Para ve İktisadi Politika,** 1972, 24-б.

Робинсон машакаттуу болгон жашоо түрүн тандап алганда, анда ал тапкан кирешени жогорулатууга жана көп эмгектенүүгө багыттаган аң-сезим калыптанат. Келечеги үчүн капитал жаткыруунун зарылчылыгын түшүнүп жетет. Бул процесс аны жаңы энчке, муктаждыктарга жана бул муктаждыктарды алдыда колдоно турган жаңы материалдарга багыттайт. Робинсондун диний ишеними жогорудагы эки аң-сезимден кайсынысына туура келе турганы эффективдүү болуп саналат. Бирок анын керектүүлүгү түздөн-түз ал ишенген диндин тексттик-теориялык түзүлүшү менен эмес, ал тутунган динди кандай түшүнгөндүгүнө байланыштуу болот. Бул түшүнүү, ал башка бир аралда өзү сыяктуу башка бирөөнүн жашаганыдыгын, күндөрдүн биринде аны менен жолугуша тургандыгын жана өзүнүн бул абалы азыркыдай болбой тургандыгын ойлошу жана башкача айтканда ушундай себептерге жакындан байланышы бар. Мындай эскертүүлөр жана опузалар болбогондо, балким биринчи жашоо образына ылайык келет эле. Эмгектенбестен, өзүн-өзү чарчатбастан, эч нерсе үйрөнбөстөн ырахат жашоону көздөгөндөр алгач эркиндигин, андан кийин көз карандысыздыгын жоготууга аргасыз болот. (Ататүрк)

Бир адамга тийиштүү болгон Робинсонду мисал кылуунун ордуна, учурдагы коомдорду жана эл аралык байланыштарды койгонубузда, бүгүнкү күндөгү анализдерди жүргүзүүдө жана алдыбызга чыккан проблемалар менен эски жана модерндик диний аң-сезимдердин ортосундагы байланыштарга байкоо жүргүзгөнүбүздө өзүбүздүн кандай аң-сезимге ээ болгонубузду байкайбыз.

Өзгөрүүгө, дүйнөлүк жашоо образын калыптандыруу жана жалпысынан проблемаларды чечүүдө аң-сезимдин калыптаныщына, аң-сезими эски калыпка түшүүсү, диндин өзүнүн баалуулуктар системасында белгилегендей мусулмандардын аң-сезиминде жооп бериле турган суроо болуп саналат.

Куранда төмөнкү аяттарда мындайча буюрулат: «Бул дүйнө жашоосу оюн-күлкү жана ырахаттануу, өтүп кетүүчү көңүл көтөрүүдөн башка эч нерсе эмес»[6] жана «Эй ыйман келтиргендер! Жума күнү намазга чакыралганда Кудайды эске алуу үчүн намазга баргыла! Намаз бүткөндөн соң жер жүзүнө тарагыла жана Кудайдан ашыкча ырыскы издегиле.»[7] Ошондой эле бул аяттын үстүндө кеңири ой жүгүртпөстөн туруп же пассивдүү талкуу жүргүзүү менен түшүнүлсө, анда азга канаат кылган адам тиби болгон Робинсонду көрөбүз. Ошентип «бул дүйнөдө» эркин болуп, «ал дүйнө» үчүн да эмгектенип, мезгил өткөн сайын бул дүйнө адамга тарыйт.

Таштаган ар бир кадамыбыздын да аркы дүйнө үчүн кийлигишүүсү, бүтүндөй жашоону камтыган диний түшүнүгү менен функциялык жактан дүйнөнүн сыйкырчысын сактоого да күчү жетпеген диний аң-сезимдеги термелүүдө, эң оптималдуу диний аң-сезимди изденүүнүн натыйжалары көп убакытты талап кылат. Социалдык өзгөрүү процессине таандык болгон бул натыйжалар, кайра кайра түрдүү деңгээлдерде жашалат.

**Диндин коомдук абалы жөнүндө түшүнүк.**

Динди, аркы дүйнө үчүн өкүм чыгарган тема катары кароо менен бирге, диндин жашоо образы жана жүрүм-турумду жөнгө салуусу жана анын кыймылдаткыч күч болгондугунан улам социологдор тарабынан үстүндө эң көп токтолгон темалардын бири дин менен коомдук мамилелер болуп саналат.

[6] Куран. Энам сүрөсү, 32-аят.
[7] Куран, Жума сүрөсү, 19-аят.

Динге байланыштуу темалардын үстүндө иштеп жатып, анын методдук проблемалары менен алектенүү, биздин оюбузча бул - диндин аң- сезимдик чөйрөсүнөн сырткары социалдык жааттагы абалы жана көрсөтүп жаткан кызматы менен алектенүү болуп эсептелет. Динге социалдык жагы менен байланышы болгон методологиядан сөз кылса болот. Бул ишти жүзөгө ашыруу үчүн барынан мурда социалдык максаттардын маани-маңызын, диндин социалдык мамилелерин изилдегендердин максатын тактоо керек. Башкача айтканда диндин социалдык функциялары эмне, бул функцияларды кантип, кандай түшүнүк жана методология менен белгилей алабыз. Динди ар түрдүү проблемаларды чечүүдө бардык нерсени өзүндө камтыган табигый көрүнүш жана кыймылдыткыч катары карасак болобу? Коомдук талаптар пайда болуп жана ал ишке ашырылбай жатса, аны орундатуу үчүн динге кайрылуу, динди кыйын абалга салып койбойбу? Коомдук жаатта четке кагылган диний аң-сезимди өзгөртүү муктаждыгы келип чыкса, кантип өзгөртүү керек? сыяктуу суроолордун тегерегинде методологиялык изденүүлөрдө биздин оюбузча төмөнкүдөй түшүндүрмө берсе болот:

Көптөгөн аң-сезим жана жүрүм–турумдарда негиздүү парадигманы калыптандырууда дин, кулуна үгүт-насаат берет жана муну адамдын ички дүйнөсүнө сиңирүүгө аракеттенет. Кээде коом кандайдыр бир муктаждыктан улам диндин функциясынан пайдаланат. Мисалга алсак, көп мезгилден кийин руханий дүйнөсүнүн жемиши катары күтүлгөн аң-сезим *"ишеним менен"* ишке ашырылат. Мында коом динди пайдаланат (прагматист). Үрп-адаттын киритикаланышына себеп болгон түшүнүктүн социалдык жактан жүргүзүлүшү туура, макул көз-караштар деп айта алабыз. Мисалы диний ыйыктык деп бааланган шаар, табуга айланган нерсе же көрүнүш келечектин пайдасы үчүн жасалган иш-аракет. Туура эмес жагы: мезгил өтүп практикалык иштин жыйынтыгы унутулуп колдонмо куралдардын жана бөлүүчүлүктүн негизи болуп калгандыгында жатат.

Бул прагматисттик жүрүм-турумдун натыйжасында сиңирилген кабылдоолор, теолог интеллектуалдары тарабынан киритикаланганда *"диндин негизинде болбогон"* нерселердин бар экендиги табылат. Дүйнөлүк түшүнүктө коомдун талаптарын орундатууга милдеттүү болгон нормалардын өз милдеттерин орундатпаган учурда, мунун ордуна эч кандай жоопкерчиликти мойнуна албаган дин жоопко тартылып жатат. Аны жоопко тартууга аракеттенгендер канчалык критикалоого уста жана модеринист болбосун, натыйжада бардык нерсени динден издеген көз-караштын себебинен улам келип чыгууда. Учурда Ислам дүйнөсүндө *"Исламий жаңылануу"* деп аталган модернизмдик процесс жана жоопко тартууда алдыга чыккан жыйынтык; Ислам динин дин катары эсептеп, функциясын өркүндөтүүдөн мурда, алынган жыйынтыктарды рационалдаштыруу жана учурга карай үйрөтүп таасир берүү катары кабылдап жатышат. Батыштын секуляризмди процессеси *"Ислам динин рационалдаштырууга"* аракет жасап жатат деп айтсак болот.[8] Башкача айтканда дин

[8] Акыркы мезгилдерде Ислам дүйнөсүндө пайда болгон Ислам модеринизими, саясий Ислам жана тарыхый деп аталган агымдардын максаты «Алланын тарыхтын жүрүшүнө таасирин» адамдарды дагы эске алып жашоого сиңдирүү болуп эсептелет. Мүмкүн булардын ичинен Ислам модеринизими динди адеп-ахлак менен гана чектөөгө аракет жасагандыр. Караңыз M. Zeki İşcan, **Muhammed Abduh'un Dini-Siyasi Görüşleri**, İstanbul 1998, 256-163-б; Саясий Ислам болсо модерндешүү процессинде Исламдык жашоонун бардык багыттарын камтыган модерин идеология катары бааланган. Караңыз: M. Zeki İşcan, **Siyasal İslam, Dini ve Fikri Temelleri,** Erzurum 2002, 122-б.

кайра эле негизги орунда болуп, бирок дин үрүп-адаттын ичинде эмес, рационалисттик жана тарыхый көз-караште каралып жатат. Экономикалык, саясий жана башка коомдук жааттагы проблемаларды динден сырткаркы башка усулдар аркылуу чечүү менен диндин сунуштарын рационалдуу түрдө колдонуп чечүү, бири-биринен айырмаланып турган нерселер. Мүмкүн бул маанидеги диндин сунуштарын рационалдаштыруу *"проблемаларды проблеманын түзүлүшүнө жана керектөөлөрүн ылайык чечкиле"* уруксатын бергендигин белгилөө болуп калат. Мындай учурда тар маанидеги багытында таасир берүү үчүн көз-карашын жалгыз өзүнө каратып алышы мүмкүн: социалдык баалуулуктарды өнүктүрүү, дүйнөнүн сырын коруу, адамдын табиятын өзүнөн алыстап кетпөөсүн алдын алуу жана акырында кишинин диндин теологиялык түзүлүшүндө улуу жаратканга ишенүү муктаждыгын, жашоо образы менен чындыкка жакындаштыруу кызматын аткарган болуп калат.[9] Динге берилүүчүлүктүн жеке адамдык мүнөзүн социалдык милдеттемелер менен байланыштыруу үчүн керектүү теологиялык негиздерди иштеп чыгып, кишилерге түшүндүрүү, алардын чын жүрөктөн ыклас кылууларына шарт түзүп берүү бүгүнкү теологдордун милдети болоору талашсыз. Дин адилеттүүлүктү буйрат. Бирок адилеттүүлүктү орундатууда колдонулуучу нерселерди аныктоодо жалгыз дин менен эмес, илимдин сунуштары да негиз алынат. Мисалы динге ишенген адамдардын динди бир ателье куруунга буйрук кылгандыгына ишенүүлөрү жөнөкөй көрүнүш, бирок ательени техникалык негизде иштөөсүн динден эмес, иштин өзүнөн издөөгө аракеттенгендерге туура маалыматтарды берүү теологдордун парадигматик милдети деп эсептелиши мүмкүн. Диндин жогорку деңгээлде жүргүзгөн функциялары эң жакшы колдонмолорго ээ болгондо гана дин аманат кармап турган иштиктүү негиздерин кайра ээлерине же уюмга кайтарып берет. Мындай кайтарып берүү-же тапшыруу иши, белгилүү бир убакытты талап кылышы мүмкүн. Теолог интеллектулдарынын бул процесстеги функциясы, коомду канаттандырып, шектенүүгө эч кандай орун жок экендигине ишендирүү болгон.

Цивилизация доорун кабыл албагандарга каршы диндин биримдикке үндөөчү функциясы учурдун жана эртеңки муундун стратегиялык феноменине айланышы мүмкүн.

Диний аң-сезимибизге анализ жүргүзүүдө колдонулган усул, метод кандай болушу керек же эмне үчүн деген суроосуна эч качан конкреттүү жооп ала албайбыз. Белгилүү бир теорияны жактаган личностор дагы сөзсүз түрдө жеке көз караштарга ээ болот. Ошондуктан алгач кандайдыр бир усул же феноменге анализ жүргүзүп жатканыбызда анын тууралыгы же туура эместиги тийиштүүлөрдүн аныктамасынын негизинде гана түзүлөт.

Ыймандын субьективдүү тарабы, коомдук чөйрөгө (түзүлүш, өзгөрүү, өнүгүү) байланыштуу. Обьективдүүлүк менен субьективдүүлүк бири-биринен ажыратууга болбойт.[10] Субьективдүү ыймандын жеке көз караштар жайылуусу же эң акыркы (фундаменталистик) чекке чейин жеткирүү кишинин кол тийгис укугу катары кабылданышы мүмкүн. Бирок, жеке көз караштар менен толукталган ишенимдин натыйжасы жана таасири социалдык турмуштун ар-түрдүү тармактары менен байланышы мүмкүн. (мисалы, дин-саясат, укук, экономикалык байланыштарда эч бир таасирсиз же пайдалуу-пайдасыз көрүнүштөрдүн пайда болушу) Мындай

---

[9] Караңыз: Adil Çiftçi, **Fazlurrahman ile İslamı Yeniden Düşünmek**, Ankara 2000, 54-б.

[10] Temel Yeşilyurt, "İman, Objektivite ve Yanlışlanabilirlik" **Günümüz İnanç Problemleri İlahiyat Fakülteleri Kelam Anabilim Dalı Sempozyumu**, 7-9 Eylül, 2001 Erzurum, 81-б.

мамилелердин дин социалогиясы тармагындагы эң маанилүү тарабы, динди ичине камтыган түрдүү феномен жана түзүлүштөр, көөмдук аң-сезимди калыптандырат.

Идеологиябыздагы кемчиликтерди толуктоо максатын көздөгөн аргументтерибиз, метод боло алабы? Кандай абалда аргументтер проблеманы чече алат?

Коомдун аң-сезими жана баалуулуктары менен кыймылда болгон көрүнүш жана символду өзгөртүп, кайрадан иштеп чыксак бул жааттагы кемчиликтерди толуктай алабы? Кандайдыр бир символду иликтеп көрсөк; мисалы байрак, элдин жүз жылдап аң-сезимин камтыган психологиялык символ болуп саналат. Анын көрүнүшү эч нерсеге жарабайт. Анын философиялык жактан түшүндүрүлүшүн ала турган болсок, булардын бары башкалар тарабынан берилген маани-символ менен байланыштуу. Мисалы *«азанды»* символ катары алсак, аны арапча айтуунун ордуна эне тилибизде айтуу анын функциясын жогорулатпайт. Ошондой эле ибадаттарда айтылган дубалардын эне тилде айтылышы, намаз ыбадатынын даражасын жогорулатпайт. Себеби, феномен катары ибадат, диний аң-сезимдин деңгээлине байланыштуу. Анын психологиялык өзгөчөлүгү менен баалуулугу артат. Намаздагы дубаны киши диний билимдүүлүгүн, интеллектуалдуулугун жогурулатуу үчүн окубайт. Аллага моюн сунуу формалаштырылган ибадат феномени болуп эсептелет. Сезимталдык өзгөчөлүгү менен орундатууда формалашкан бул феномен рухий дүйнөнүн сезиминде пайда болгон берилүүчүлүктү кыйын абалга салып коюшу мүмкүн.

Теория менен реалдуулуктун ортосундагы онтологиялык карама каршылыктан улам пайда болгон көрүнүш[11] тажрыйба жүзүндө аныкталуусу керек.[12] Мындай болбогон учурда теория менен реалдуулук туура чагылдыра албайт. Себеби, коомдук чөйрө физикалык кубулуш сыяктуу эмес.

Бир кубулушка таасир берүүчү функциялык күчтөр өзгөртүү өзгөчөлүгүнө ээ. Мындай абал бизге бир багыттын узак убакыт калбай тургандыгын айгинелейт. Коомдук аң-сезим коомдук түзүлүштөн алынат. Коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү менен коомдук аң-сезим да өзгөрөөрү талашсыз. Эгерде андай болсо коомдук түзүлүш узак убакытка чейинки обективүүлүгүн сактай албайт. Сөзсүз түрдө мезгил мезгили менен өзгөрүүлөр болуп турат.

Колдонулган методологиянын натыйжасынын жакшы же жаман болгондугун, тажрыйбанын жыйынтыгына карап биле алабыз. Коомдук аң-сезимде, коомдо жүргүзүлгөн пилоттук тажрыйбанын натыйжасында белгилүү болот. Тажрыйба жүргүзүлүп бирок оң натыйжалуу чыкпай калса коом ошол нерсени толуктоо үчүн көптөгөн зыяндарга учурап калышы ыктымал. Мындай милдетти ким мойнуна алат? Теориянын берген жыйынтыгы практикада канчалык деңгээлде орундатылышы мүмкүн? Башкача айтканда көпчүлүк тарабынан *"оба, жакшы, туура"* деген жооптору практика жүзүндө туура эмес болуп калышы мүмкүн эмеспи? же болбосо айткандарындай жогорку деңгээлде туура болобу? Мындай тажрыйба белгисиз коом же интеллектуал чөйрөдө жүргүзүлүп жаткан болсо, себеби ар коомдун түзүлүшү биз үчүн белгисиз. Ошондой эле коомго сиңип, үрп-адатка айланган баалуу болуп калган элементтер; жеке адамдагы кубаныч, кайгы-муң, таң калуу сыяктуу кокустуктан пайда болгон сезимдер рухий абалга кирбейт.[13] Коомдук чөйрө байкоо жүргүзүүгө туруктуу,

---

[11] Jurgen Habermas, **Sos. Bilimlerin Mantığı Üzerine**, которгон: Mustafa Tüzel, İstanbul, 1998, 21-б.

[12] J. Habermas, 61-б.

[13] W. V. Quine, J.S. Ullian, **Bilgi Ağı**, которгон: Hadi Adanalı, Ankara 2001, 17-б.

бирок кемчиликтер сөзсүз болот.[14] Кандайдыр бир иштке багыттаган сезимге белгилүү бир себептер тоскоолдук кылат. Бирок мындай абалда дагы *"себептер"* жана *"натыйжалар"* деп мүнөздөлгөн феномен, бири-биринен айрымаланып турат.[15]

Мотивдердин субьективдүүлүгү негизинен проблемалуу маселелердин бири. Психологиялык себептерге таянган жүрүм-турумдардын кээ бир себептерин конкреттүү мисалдар менен көргөзүүгө болот. Бирок көпчүлүгүн конкреттүү мисалдар менен көргөзүү атайын адистикти талап кылат.

Дүйнөлүк "коомдук аң-сезимди байкоо жана анализдөө методологиясын" ойлоп табуу кыйындыкка турат. Белгилүү этаптарда пайда болгон аң-сезимди аңдап билүүгө жана чектүү өлчөмдө келечекке багытталган сунуштарды киийрүүгө гана мүмкүн. Ар бир окуянын себептери жана натыйжалары иликтелип такталган учурда да, алардын негизги себептерин эске алып кандайдыр бир чектөө жана натыйжа чыгарууга мүмкүн эмес.

Адамзат тарыхын коомдук маданий чөйрөдөгү деңгээлибизге жараша чече билүү жана аңдап билүү мүмкүнчүлүктөрүбүз бар. Ошону менен катар келечекти маданий аң сезимдерибиздин дэңгээлинде калыптандырууга багытталган методологиянын негизин "коомдук аң-сезим" түзөт.

Бул жагдайдагы методология, бир тараптан идеологияга айланып, негизинен "коомдук прагматизм" деп атоого мүмүнчүлүк түзөт. Коомдук прагматизмде обьективдүүлүк коомдук келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Башкача айтканда чыныгы обьективдүүлүк ар бир коомдун өзүнө гана тиешелүү болгон муктаждыктарын, проблемаларын жана акыйкаттарын камтыган обьективдүүлүк менен орун алмашат.

Коомдор социалдык турмуштары үчүн кандайдыр бир жашоо-образын, дүйнөгө болгон көз карашын, методология, парадигма сыяктуу коомдук түзүлүшүн жөнгө салган системаны пайда кылууну самашат. Бирок бул түзүлүштү бир нече илимпоздор менен пайда кылууга мүмкүн эмес.

Учурдагы коомдор агрардык түзүлүштөн чыгып, бири-бири менен ар тараптан "таасирленүү" даражасына жеткен. Ошондуктан проблемаларды чечүү "жеке" жоопкерчилик менен чектелбестен, коомдордун ортосундагы жоопкерчиликке таандык.

Баркердин пикири боюнча парадигмалардын, проблемаларды чечүү ыкмаларынын калыптанышында төмөнкү төрт түрдүү адам маанилүү ролду ойнойт:[16]

1. Парадигманы изилдеп үйрөнгөн, бирок иш жүзүнө ашырбаган жаштар.
2. Чөйрөсүн же системасын өзгөрткөн кары-картаңдар (дуушар болушкан чөйрө же система тууралуу маалыматтарынын жоктугу аларга пайда алып келет) парадигмага катышкан адамдардан акылга сыйбаган суроолорду сурашат. Анткени парадигмага кызыкандар болушкандыктан суралбай турган элементардуу нерселерди да билишпейт. Жүргүзүлүп жаткан парадигма тууралуу сөзсүз сурала турган суроолоду да узатышып, аткарууга тыюу салынган нерселерди жасашат.
3. Тараптары болбогон жана калыс адамдар: булар көз карандысыз парадигманын ичинен орун алышып, парадигмага дуушар болгон проблемаларын билишет. Бирок алар жалпысынан чөйрөлөрүнүн бир чекесинен орун алышып, ар дайым канадайдыр бир кризисттик абал пайда болгондо эске алынат. Парадигма


[14] Nasr Hamid Ebu Zeyd, **Dinsel Söylemin Eleştirisi,** которгон: Fethi Polat, Ankara 2002, 114-б.
[15] Jurgen Habermas, 327-б.
[16] J. A. Barker, **Future Edge,** New York 1992'den aktaran H. Şimşek, **Paradigmaların Savaşı,** 43-б.

тууралуу маалыматтары аларга пайда алып келсе да, парадигма тарабынан көрүнүктүү мааниге ээ боло алышкан эмес.

4. Ойчулдар: бул адамдар кокустуктан же башка түрдүү жолдор менен парадигмада орун алган проблемалардын бирин же бир нечесин чечүү менен алектенишет. Бирок бул проблемалар парадигманын негизги проблемалары экенин билишпейт. Ошондуктан аталган проблемаларды чечүү, алар үчүн өзүн-өзү далилдөө болуп саналат. Анткени проблеманын бир мааниси өздүк проблеманы камтыйт. Натыйжада парадигманын проблемларын өздөрүнө таандык болгон өрнөк көз караш менен чечүү жолдорун аныкташат.

Биздин оюубузча коомго муктаж жана диний ишенимге ээ болгон адам ойлоп таба турган методология-парадигма–калыптануучулук, субьективдүүлүк, жемиштүүлүк, ийгиликтүүлүк жашоодо да, өлгөндөн кийин да адамдардын руханий дүнөсүнө ырахат тартуулаган жүрүм-турумдарды жана натыйжаларды алып келиши керек. Айрыкча ал адам жогорудагы негиздерге жооп бере алган методологияны ойлоп табуу жоопкерчилигин өзүнүн ыйык милдети катары кабыл алуусу керек. Тескерисинче коомчулук эске алынбаган “коомдук билимдердин методологиясы” жөнүндө сөз кылуу, метафизикага айланат.

Төмөндөгү схемада көрүнүп тургандай, терс жүрүм-турумдар көбөйгөн сайын, коомдо оң жүрүм-турумдар азаят. Тескерисинче оң жүрүм-турумдар көбөйгөн сайын, терс жүрүм-турумдар азаюуга дуушар болуп, терс көрүнүштөр пайда болгон чөйрө кичирейет. Биз муктаж болгон парадигмалык калыптануу, эң керектүү аң сезимди иш жүзүнө ашыруу болуп саналат. Жыйынтыктап айтканда коомдун жашоосун улантуусу жана ажырагыс бүтүндүгү эске алынган учурда, ар бир адамдын адилеттүү жана адеп-ахлак аң-сезимин калыптандырышы идеологиялык мазмунду камтыбаган, чыныгы рационалистигинде жатат.




Терс жүрүм-турумдар | **Индивид-Алла мамилеси** | Оң жүрүм-турумдар

Кубулуш | **Индивид коом байланышы** | Кубулуш

Ниеттер | Ниеттер

Символдор | Символдор

Аң-сезим | Аң-сезим

1- Индиветтик

2- Коомдук

Тооба кылууда: терстиктер пайда болушуна тоскоолдук кылат. 0)тең салмактуулук абалы

1)жакшы иштер менен алектенген коомдук түзүлүш

2)терс көрүнүштөр үстөмдүк кылган коомдук түзүлүш.

**Корутунду**

Батыш менен ортобузда учурдун талаптарына ылайык келечекти калыптандыруу методологиясында кыйла айырмачылыктарды байкоого болот.

Колдонуп жаткан жашоо ыкмаларынан башка бир ыкмага мажбур калганыбызда, коомдук аӊ сезимде калыптанган ыкмалардын ордуна башка ыкмаларды кабыл алууну, кыйроого учуратат деген коркунуч менен карайбыз. Албетте билбеген жол менен жүрүү көптөгөн коркунучтарды алып келиши мүмкүн.

Ошондуктан батыш эли биздин жөнөкөй, чектөө коюучу, изилденүүгө бөгөт койгон өнөкөттөрүбүз, башкача айтканда жалгыз метод менен иш алып баруу жемиштүүлүккө, ийгиликтүүлүккө жана натыйжалуулукка тосксол болот деген көз караш менен иш алып барышат.

Кыскача чыгышта да, батышта да, ээлеген ордуларын жоготуу жана кемчилдик кетирүү сыяктуу коркунучтары бар. Бул корунучтардан арылып, ийгиликке жетүү үчүн чыгыш эли "жалгыз", батыш эли да "көптүк" жана "плюралисттик" жашоо образдары менен өзгөчөлөнүшөт.